# «Аймакты өнүктүрүү багыттары:
# Ысык-Көл облусунун келечегинин элеси”
# Ысык-Көл облусу боюнча ачык маектешүү аянтчасы

**Катышуучулар:** Мамлекеттик органдардын, кичи коомдук кеңештердин, жарандык коомдордун, эл аралык уюмдардын жана долбоорлордун өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын Коомдук кеңештеринин мүчөлөрү, журналисттер, блогерлер, миграция боюнча эксперттер.

**Максаты**: Кыргыз Республикасында жергиликтүү жана мамлекеттик органдардын, коомдук кеңештердин маалымдоо массалык каражаттары менен эркин маалыматтык мейкиндигин, сөз эркиндигин, пикирлерин билдирүүнү сактоодо жана өнүктүрүүдө өз ара аракеттенүүсүн куруу.

**Модератор: *Толонбек Шакирович Абдыров,*** Мамлекеттик органдарынын алдындагы коомдук кеңештердин Координациялык кеңешинин төрагасы, экономика илимдеринин доктору, профессор.

**Иш-чаранын күнү, жери:** 2021-жылдын 29-июль күнү, Каракол шаары, “Караван” мейманканасынын конференц-залы

**Катышуучулардын саны**: 35, 24 аялдар жана 11 эркектер.

Ачык маектешүү аянтчасынын жыйынында Ысык-Көл облусун өнүктүрүүнүн приоритеттери жана аймактагы туристтик индустрияны жана жашыл экономиканы өнүктүрүүнүн келечеги талкууланды.



**Куттуктоо сөзү менен Исланов Нурбек**, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын Региондук өнүгүү бөлүмүнүн туризм жана инвестицияларды илгерилетүү секторунун башчысы, **Светлана Баштовенко,** Европа Биримдигинин «Ачык коомчулук – Ачык медиа» долбоорунун координатору кайрылышты.



“Ысык-Көл облусунун экономикасы: өнүгүүнүн негизги багыттары”, “Туризм индустриясындагы чыгармачыл идеялар”, “Жашыл экономика: экологиялык айыл чарба”, “Кичи коомдук кеңештердин жана аймактык ЖМКлардын кызматташтыгы” темасында п**резентациялар угулду.**



**Түшкөн сунуштар:**

1. долбоорлорду иштеп чыгууга экологиялык эксперттерди тартуу зарыл;
2. Каракол шаарындагы аэропортту ишке киргизүү маселесин чечүү;
3. жашыл экономика темасындагы жолугушууларды малекеттик деңгээлде улантуу;
4. таза суу,жер маселелерин чечүү;
5. ички туризмди өнүктүрүү;
6. жер тилкелерин адилеттүү бөлүштүрүү маселесин чечүү;
7. тышкы туризмди биргеликте өнүктүрүү.



